Кырг. Д
А 13

КИТЕП ДҮЙНӨСҮНӨ САЯКАТ

Батма Абдухамидова



# АЙ КЫЗЫНЫН МОНЧОГУ

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич, предыдущ. выдач ______

Батма Абдухамидова

# АЙ КЫЗЫНЫН МОНЧОГУ



Сүрөтчү
Зарема Мидинова

Ми.7/3

ОШСКАЯ
областная детская
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 255888

Бишкек 2017

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 13

А 13 **Абдухамидова Батма. Ай кызынын мончогу:** Аңгемелер жыйнагы **/Сүрөттөрүн тарткан З.Мидинова.** – Б.: Кутаалам, 2017. – 24 б.

ISBN 978-9967-25-174-8

Колуңуздардагы китепчеге автордун кенже балдарга арналган аңгемелери киргизилген. Автор өзү кесиби боюнча педагог болгон үчүн, аңгемелеринде бөбөктөрдү адеп-ахлакка үйрөтүү, дүйнө таанымын өстүрүү, табиятты аздектөө идеялары күчтүү экени байкалат.

Автор балдардын ички дүйнөсүн терең иликтеп, балалык деген аруу дүйнөнүн кооздугун сезип-билери байкалат.

А 4803300100-08

ISBN 978-9967-25-174-8

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© Абдухамидова Б., 2017
© ЖЧК “Кутаалам”, 2017

# Тили ширин кыз

Кичинекей Бермет – апасынын эрмеги. Эртеден-кечке жанынан чыкпай, чулдурап сүйлөгөнү сүйлөгөн.

– Апа, мен сизди дүйнөдө бийинчи жакшы көйөм, – дейт. Апасы ансайын кызынын бал тилине элжирейт.

– Алтыным менин, ширин кызым, аппагым, – деп эркелетет. А эрке кызынын сөзү түгөнбөйт.

– Апа, апаке, чо-оң кыз болгондочу э, мен сизди багам, тамак бышыйам, каймак апкелем, конфет сатып бейем.

– Ооба да, алтын кызым менин. Тилегиңден сенин, кагылайыным.

– Апа, апа-а, менин боюм өсүп, чоңойсом, сизге жайдам бейем ээ. Үй шыпыйам, суу тачыйм.

– Ии, тилиңен сенин, – апасы кызынын маңдайынан сылап, бетинен өпкүлөдү. – Тилиң сенин неге мынча ширин болду экен? Канакей, тилиңди көрсөтчү, көрөйүн?

Апасынын сөзүнө кичинекей Бермет ого бетер эркелеп, жадырай карап:

– Апа, мен кө-өп шоколад, конфет жей бейем да. Очон үчүн тилим шийин.

Анан бир нерсе оюна түшкөнсүп:

– Апа, азый болсо, тилим анча шийин болбой калыптый да, – деп, тилинин даамын татып жаткансып, таңдайын такылдатты, апасына тилин көрсөтүп жатып.

Апасы эрке кызынын сөзүнөн анын көңүлүндөгүсүн түшүнүп күлдү да, ордунан туруп барып, катып койгон конфеттеринен алып берди.

Чын эле, баланын тили таттуу конфет жегени үчүн ширинби? Ойлонуп көрөлүчү...

# Ээрчиген ай

Кичинекей Гүлжамал атасы, апасы болуп конокко барышып, кеч кайтышты. Атасы менен апасы үй ээлери менен коштошуп жатканда, Гүлжамал асмандагы жыбыраган жылдыздарды жана толуп турган айды кызыга карады.

Жолдо баратканда Гүлжамал асманды дагы карады да, айдын аны «ээрчий» жылып баратканын көрүп таң калды.

– Апа, караңызчы, ай мени  ээрчип келатат, - деди сүйүнө.

Атасы да, апасы да бир саамга токтой калып, асманды карашты. Эми ай да жылбай бир орунда туруп калганын көрүп, Гүлжамал ого бетер таң калды.

– Карагылачы, мен токтосом, ай да ордунан жылбай туруп калды. Эми басайынчы, ээ? – деп тепилдей астыга түшүп басты. Асманды карaса, ай да андан калышпай, ээрчий жылып баратыптыр. Гүлжамал сүйүнгөнүнөн, колун жаңсап көрсөтүп:

– Мына, айтпадым беле! Ай мени чындап эле ээрчип баратат! Мен айды ээрчитип кетип баратам! – деп мактана сүйлөдү.

Ай чын эле Гүлжамалды ээрчий жылып, аруу да, сүйкүмдүү да наристе кызга   суктана карап бараткандай туюлду.



# Мейлибай

Керимдин ушул адаты эми баарына дайын болду...

– Керим, музоону казыкка байлап койчу, – деди апасы. Керим алыстан туруп эле:

– Мейли, апа, – деди да, андан ары оюнга кетип калды.

Андан кийин чоң энеси:

– Ай, балам, атаңа каралаш. Оргон чөптөрүн, жок дегенде, үйүшүп кой, – деп эскертти.

– Мейли, чоң эне, ошентем, – деди. Бирок, аны да жасаган жок.

Кечинде атасы үйгө келгенде, чоң энеси менен апасы Керимдин «акма кулактыгын» айтышып даттаныштты.

Атасы:

– Керим, бала деген улуунун сөзүн эки кылбайт, айтканын аткарат. Эртеңден баштап оюнуңду токтотосуң да, жумуш кыласың, макулбу? – деди. Анда Керим:

– Мейли, ата. Айтканыңыздай болот, – деп убада берди. Анан эле эртең мененки чайды ичкен соң, баарын унутуп, оюнга кетип калды.

Чоң энеси наарazыланып, артынан үн салды:

– Алда, балам, ай. Кечинде атаңа эмне деп убада бердиң эле? Ай Керим, бол бачым келе кал. Козуларды экөөлөп дөңгө жайып карайлы.

– Мейли, чоң эне. Азыр, – деп жооп берди. Бирок ага да барган жок.

Керимдин «мейли» деп коюп, убадасын аткарбаганын билип калган балдар ал оюнга келгенде, «Ии, Мейлибай, ойнойсуңбу?» деп шылдыңга алышты. А Керим «мейли» же «жок» деп айтарын билбей туруп калды. Өзүнүн чекилигин досторунун тамашасынан улам түшүнгөн Керимге абдан эле осол иш болду. Анан ал оюнга кошулбай эле, чоң энеси козуларды жайып жүргөн дөңдү көздөй тызылдап чуркап жөнөдү.

# Экөө тең жакшы

Апасынан акча алып, Нурай балмуздакка чуркады. Эжесинин келишин өзгөчө  кичинекей Бермет чыдамсыздык менен күттү. Аңгыча, балмуздак алып эжеси да келип калды. Колуна балмуздак тийгенче Бермет  бир нече ирет  шилекейин жутуп  жиберди.

Ай иштери менен алектенип жүргөн апасынын жанына барып, улуу кызы Нурай:

– Апа, менин балмуздагымдан ооз тийип коюңузчу, – деди. Апасы кызынын көңүлүн улап, балмуздагынан ооз тийип:

– Жей кой, кызым, рахмат, – деди.

Эми эсине келе калгансып, ортончу кызы Нурзат да:

– Апаке, менин балмуздагымдан да ооз тийиңиз, – деди жадырай сүйлөп. Апасы анын да көңүлүндөгүсүн аткарды. Бир гана кичинекей Бермет эч жакка көңүл бөлбөй, балмуздагын шашыла жеп жатты. Аны карап туруп Нурзат:

– Бермет, сен апама балмуздагыңдан ооз тийдирбейсиңби? – деп калды, анын тамаксоолугун  жактырбай карап.

Бермет анын сөзүнө жооп берүүнү ойлоп да койгон жок. Баягы калыбында балмуздагын жей берди. Сөзгө улуу эжеси Нурай кошулду:

– Бекутай, сага апам жакшыбы, же балмуздакпы?

Анда Бермет таң калыштуу карап:

– Магабы? Мага апам да, балмуздак да жакшы. Экөөн тең бипбирдей жакшы көрөм, – деп жооп берип коюп, балмуздагын абдан кумарлануу менен жей берди.

Жанатан бери кыздарынын өз ара сүйлөшкөндөрүн байкап отурган апасы кичинекей эрке кызынын  жообуна   күлүп жиберди.

# Мээнеткеч кумурска

Кемел ойнорго киши жок, кыларга иш таппай эригип, жалгыз жол бойлоп келе жатып чоң дан сүйрөп бара жаткан кумурсканы көрдү. «Тебелеп өлтүрүп таштасамбы?» деп ойлоду. Кайра бул оюнан кайтып, аны менен ойномокчу болду. Кумурска бара жаткан жолго бир ууч топурак төгүп, анын эки жагынан кырдап «тоо» кылып койду. Кемел жасаган «тоодон» кумурска жемин сүйрөп араң ашты да, сапарын андан ары улады. Кумурсканын балбандыгы Кемелге жаккан жок. Ал баягыдан да бийик «тоо» жасады, кумурсканын жолуна. Кумурска чымырканып, бул «тоону» да ашты, данын сүйрөп өтүп, андан ары жөнөдү. Кемелдин эми чындап жини келди, «көл» жасап аны чөктүрмөкчү болду. Нарыдан-бери алакандай жерди казды да, ага кумгандан суу толтурду. Анан кумурсканы эки жагынан тороп, «көлгө» карай түз баруга мажбурлады.

Эрктүү кумурска суудан да корккон жок, өчөшүп алгансып, түз эле «көлгө» түштү. Бир аз сүзүп эс алмакчы болдубу, же чарчадыбы, айтор, даны оозунан түшүп, «көлдүн түбүнө» чөгүп кетти. Ошончо жолдон талбай сүйрөп келе жаткан жеминин «көл түбүнө» түшүп кеткенине кумурсканын ичи ачышты. А Кемел болсо, чоң эрдик кылгансып, табалап карап отурду.

Бир кезде байкуш кумурска өзүнүн аман калганына канией кылдыбы, «көл жээгине» жетип сыртка чыкмакчы болду. Кемел болсо, чырпык менен кумурсканы сууга карай түртүп, өзү жасаган «көлгө» чындап эле чөктүрүүнү ойлоду. Кумурска да өжөрлөндү. Чырпыкка бекем жабышып алды. Кемел чырпыкты жерге таштады да, «тоо» болуп үйүлүп турган топуракты алып келип, кумурсканы көмүп салды. Эми гана табасы кангансып, эс алмакка отурду. Анан көргөн көзүнө ишенбей туруп калды. Өзү «миң азапка» салган кумурска кыбырап басып, алгачкы келе жаткан тарапты көздөй баратыптыр.

Кайрадан данга бара жатканын Кемел түшүндү да, кумурсканын балбандыгына, эрктүүлүгүнө, эмгекчилдигине таң калды. Анан өзүнүн эч иш жасабай, бекер отуруп, мээнеткеч кумурскага жасаган терс мамилесине ичтен уялып калды.



# Мээрим

Бир күнү Гүлзат сыркоолоп калды. Апасы ага дары-дармек ичирип, төшөккө жылуу жаткырды. Кичинекей бөбөгү Аскар бакчадан келип, эжесинин оюнга кошулбай төшөктө жатканына ичи бышты. Анын эмне үчүн жатканын түшүнгөн да жок. Эжесинин жаздыгына чыканактай сүйөнүп:

– Эже, турчу, ойнойлучу, – деди жалооруй карап.

– Аскартай, мен ооруп жатпайымбы. Бир аз чыдай тур. Мен сакаям, анан сени ойнотом, – деди эжеси инисин аяп.

Гүлзаттын «ооруп калдым» деген сөзү, кичинекей Аскарды кабатыр кылды. Ал эжесинен алыс кетпей, эрмек болуп божурап ар нерсени сүйлөп берип отурду. Анан бир маалда ырдап кирди:

Сары чымчык боломун,<br>
Сары гүлгө кономун.<br>
Сизге келген ооруга<br>
Өзүм доктур боломун,<br>
Анан айыктырып коёмун.

Бакчадан үйрөнүп алган бул ырын күндө ырдай берсе да, бул ирет атайылап өзүнө арнап ырдаганын түшүнүп, эжеси абдан ыраазы болду. Ал бөбөгүнүн колун аяр кармалап, өөп койду. Балдарынын бири-бирине боор тартып, мээрим төгүп мамиле жасаганын апасы баятан байкап отурса да, аларга аралашкан жок. Тек гана, балдарынын сезимталдыгына, мээримдүүлүгүнө, аруу тилектерине элжиреп, энелик мээримин төгүп отурду.



# Ай кызынын мончогу

Мээрим эшик алдындагы чарпаяда килем үстүндө ойноп отурган. Кечки асманда жылдыздар жыбырап, эң эле кооз болчу. Ошолорго суктанып карап, туулган күнүндө белекке алган мончогун ары-бери кармалап жатып, байкабай жибин үзүп алды. Мончоктор килем үстүнө жайнай түштү. Мээрим чочуп кетти. Тура калып, жан-жагын карады. Жакшы көргөн куурчагы анын бул кылганын жактырбай карап тургандай сезилди. Апасы арытада идиш-аяктарын жууп, үй иштери менен алектенип жүрүптүр.

Акырын апасынын жанына басып келип: «Апа, мончогумду үзүп алдым» – деди жер караган бойдон, күнөөлүүдөй. Апасы иштерин бүтүп, кайра жипке тизип берерин айтты.

Мээрим керебетке чыгып, килемде жайнаган мончокторун бир жерге чогултту да, анан апасын күтүп жата кетти. Асманга кайтадан көз чаптырды. Жыбыраган жылдыздарды көпкө карап жатты, оюна бир нерсе кылт эте түштү. Килем үстүндөгү мончокторун карады. Алар жылт-жулт этип көзүнө укмуш кооз көрүндү. Кайра эле көктөгү жылдыздарга көзү түштү. Жылдыздарды өзүнүн чачылган мончокторуна окшото берди...

– Апа, караңызчы, асмандагы жылдыздар менин мончокторума окшош экен. А аларды ким ал жакка алпарып чачып койгон?

Апасы кызынын суроолорунан улам, заматта оюнан жомок чыгарып айтып бере койду:

– Илгери-илгери асмандагы Ай-Эненин сендей болгон «тентек» сулуу кызы болуптур. Ай-Эне кызынын туулган күнүнө арнап кооз шуру сатып бериптир. Анан ал кызы бир күнү шурусун үзүп, чачып алыптыр. Ай-Эне кызынын шурусун терип, тизип бергенге колу тийбей жүрөт экен. Айдын кызы Ай-Кыз болсо, ушу күнгө чейин шурусун өзү терип тизе албай келет экен. Ошол шурулар күн нуруна чагылышып, бизге түнү бою жылтылдап кооз көрүнүп турат экен. Кызык жомок бекен, кызым?

Апасынын бул жомогу кичинекей Мээримди ого бетер ойго салды. Жипке тизилген мончогу ичке мойнуна тагылган соң, кайрадан көктөгү Ай-Эненин кызы Ай-Кыздын чачылган «мончокторун» карады. «Аларды эми ким тизип берет? Ай-Эненин колу бошобойт турбайбы» деп, башын катыра берди. Төшөккө жатканда да ушуларды ойлоп жатып уктады.



# Кошуна кыздар

Айжан ата-энеси менен айылда турушат. Бир ирет алардыкына шаардан туугандары келишти. Бул күн Айжан жана конок кыздар Асел менен Динара үчүн өзгөчө шаңдуу болду. Алар чай ичишкен соң, шаша-буша көчөгө чыгып, ойной башташты. Үчөөнүн көчө жаңыртып каткырып топ ойногондору көчөлөш башка кыздардын да көңүлүн эрксиз өзүнө бурду. Биринчи болуп эгиз кыздар Нурай менен Гүлай алардын жанына келип:

– Биз да силер менен чогуу ойнойлучу, – дешти экөө жарыша.

Айжан ашыга жооп кайтарды:

– Жок. Силердин керегиңер жок. Ансыз деле кызыктуу ойноп жатабыз үчөөбүз.

Бир аздан соң, Мээрим келди:

– Мени да кошкулачы оюнга. Мен чоң тобумду ...

Мээримдин сөзүн аягына дейре укпай, Айжан:

– Тобуңдун кереги жок. Өзүңдүн да. Үчөөбүз эле ойнойбуз, – деп чукчуңдады.

Андан кийинки келгендердин бирөөн да оюнга кошпой койду. Кошуна кыздар баары күбүрөшүп-шыбырашып, таарыныша нары басып кетишип, өздөрүнчө ойной беришти. Кеч киргенде гана баары үй-үйлөрүнө кирип кетишти.

Эртеси таң азанда Айжандын шаардык туугандары машинелерине отурушуп, шаарга кетип калышты. Кечээги шаңдуу оюн, Асел менен Динара жок, Айжан эриге баштады. Өзү жалгыз топ ойноду, кызыксыз эле болду. Куурчактарына келди, алар менен сүйлөшө албай буулуга баштады. Анан көчөдө ызы-чуу түшүп ойноп жаткан кошуна кыздарын терезеден уурдана карады. Баары тең кубанычтуу, ынтымактуу ойноп жатканына суктанды, ичи да күйдү

Өзүнүн жалгыз калганына ызаланды, арданды. «Кечээ баарын кошуп эле, чогуу ойной бербей... Эми мени да алар кошпойт го...» деп ичинен абдан эле өкүндү.

Айжан сыртка чыга албай, дале терезеден өкүнүчтүү карап отурду, кошуна кыздарын...

# Жакшы тилек

Дасторкон четинде атасы, апасы, кызы Мээрим, уулдары Эламан, Элдос тамактанып отурушкан. Эламан бүгүн «Адеп» сабагында мугалим эжейи «Ар бир ысымдын мааниси бар» деген темада сабак өтүп, ар биринин аттарын ким, эмне максат менен койгонун, анын мааниси эмнени түшүндүрөрүн билип келгиле деп тапшырма бергенин айтты.

Анан:

– Менин ысмымды ким койгон? Түшүндүрүп бериңиздерчи? – деп сурады.

Анда атасы:

– Сенин атыңды элдин амандыгын, эсендигин, тынчтыгын тилеп улуу эжең Эламан деп койгон, – деп түшүндүрдү.

Апасы муну кошумчалады:

– Ал эми Элдостун атын элибиз достукта, ынтымакта, биримдикте жашасын деген ниетте койгонбуз.

Буларды уккан Мээрим:

– Менин ысмым жөнүндө да айтыңыздарчы? – деди шаштыра.

– Сени болсо, ата-энесине, бир туугандарына, элине мээримдүү, боорукер, жароокер кыз болсун, анан элибиз да бири-бирине мээримдүү болушун тилеп, Мээрим деп койгонбуз, – деди атасы эрке кызынын башынан сылап.

Үчөө тең абдан кызыгуу менен муюп угуп отурганына ыраазы боло апасы дагы буларды кошумчалады:

– Демек, элибиз аман болуп, достук, ынтымакта жашап, бири-бирине мээримдүү болсо, анда баарыбыздын келечегибиз кең, бактылуу, ырыстуу болуп жашайбыз.

Анда Элдос:

– Апа, сиз эми бизге кичинекей бөбөктөрдү алып келсеңиз, анда аларга: Бакыт, Ырыс деген аттарды коёлу ээ, макулбу? – деди жадырай.



# Көктөгү токоч-ай

Кечинде жомок укмайын Нуризат уктабайт. Апасы да кызына жомок айтып бергенден тажабайт.

Бүгүнкү жомок майтокоч жөнүндө болчу. Нуризат бакыракай көзүн ирмебей, апасынын жомогуна кулак төшөп жатат...

– ...Ошентип, майтокочту эч ким кармай албайт. Ал барган сайын дулдулдай күлүк болуп чуркайт, булбулдай сайрап ырдайт. Койчулар да, уйчулар да, жылкычылар да жетпей, арманда калышат. Жер кезип, жем таппай ачка болуп кынжыйган карышкыр да жете албай ызаланат. Айбанаттардын айбаттуусу арстан да, майпаңдаган аюу да, бакыраң көз, жел таман коён да жетпей калат. Ансайын майтокоч өзүнүн күлүктүгүнө мактанып, таттуулугун айтып тамшантып, жаагы жанып ырдап баратат:

«Мен майтокоч, балтокоч,
Шамал сымал күлүкмүн.
Тамшанып кууган баарыңар
Жете албай мага күйүктүң»...

Майтокочтун ырын эми кырдан ылдый тамак издеп, шимшилеп келе жаткан түлкү угат. Түлкү анын ырын укканда эле шилекейи куюлуп, «кантип кармап алсам экен» деп амал ойлой баштайт.

Куу түлкү акыры бир айла тапты. Майтокочтун жолуна бүрүшүп жатып алды да, жакын келгенде байкуш кейиптенип, жалдырай суранды:

– Ай, майтокоч балам. Жакыныраак келип ырдачы. Карылык колу-бутумду, азуулуу тишимди гана эмес, көзүмдү да, кулагымды да алды. Араң эле уксам да, үнүңдүн укмуш экенин байкадым. Жакын келип ырдачы. Өлсөм да, сенин ырыңды бир угуп өлөйүн...

– И-и, анан эмне болду, апа, – дейт шашылы Нуризат.

– Ошентип, шамал менен жарыша чуркап бараткан майтокоч бир чети мактанып, бир чети «кары» түлкүгө боору ачып кетти. Ичинен ойлоду: «Мейличи, ордунан турганга да алы калбаптыр. Көңүлүн калтырбай бир ырдап берейин». Түлкүнүн жанына жакын келип:

«Мен майтокоч, балтокоч,
Шамал менен жарышкан.
Тамшанып кууган баарыңар
Жете албай мага күйү... – деп, эч нерседен бейкапар ырдап жаткан майтокочту куу түлкү шап баса калды да, «ап-ап» этип сугунуп жеп койду.

ОШСКАЯ
областная детская
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 255888
мл. аб.



«Мына эми жомогубуз бүттү» деп айтмакчы болгон апасын Нуризаттын чыңырып ыйлаганы чочутуп жиберди.

– Эмне болду сага, кызым. Корктуңбу? – шашып калган апасы кызын бооруна басып, бир саамга ойлоно калды. Кичинекей Нуризат сооромо албай энтиге сүйлөдү:

– Апа, түлкү... түлкү эмне үчүн майтокочту алдайт. Аны жеп койбодубу? Ал эми ыйлайт да...

Апасы бир нерсени ойлоп таба койду.

– Ой, тентек кыз десе, мени аябай чочуттуң го. Али жомок бүтө элек да, коё тур, мен аягын айтып бүтөйүн.

Нуризат кареги жашка толгон бакыракай көзүн апасына тигилтип, жомоктун аягын чыдамсыздык менен уга баштады.

– Анан, түлкү майтокочту жутуп алып, анык балээге калды. Майтокоч жанынын барынча кыйкырып, жардам сурай баштады. Анын үнүн короодогу койчулар биринчи болуп угушту.

– Апа, эми койчулар майтокочко жардам беришеби?

– Ооба да, каралдым. Угуп турсаң эми, аягына чыгайын.
Кызы апасынын тизесине башын жөлөп, тыңшай баштады.

– Койчулар куу түлкүнүн айла-амал менен майтокочту колго түшүргөнүн билишип, аны көптөп ортого алышат. Туш-тарабынан курчап келишип, союл менен сабай башташат. Түлкү айласын таппай жалдырайт. Майтокочту жутуп койгонуна ичинен абдан эле өкүнөт. Акыры эстен танып кулап түшөт. Чоң койчу бычагын сууруп чыгып, түлкүнүн курсагын жарып жибергенде, майтокоч секирип чыга калат. Майтокоч байкуш абдан ыйлап да, коркуп да калыптыр. Чоң койчу аны колуна алып, «эмне кылсам?» деп ойлонот. Анан «Эч ким кармай албасын, жеп да койбосун» – деп, аны асманга жылдыздардын арасына чыгарып жиберүүнү туура табат.

А майтокочко жылдыздар суктанышып, «ай-ий, ай-ай, карагылачы, кандай сулуу майтокоч экен» деп жатышып, анын майтокоч аты Айтокоч болуп, акыры Ай болуп өзгөрүп кетет экен. Ошондон бери «майтокоч-ай» көктө жаркырап, караңгыда ааламга жарык берип жанып турат экен, – деп апасы жомогун аяктады.

Эми гана Нуризаттын көңүлү ордуна келип, жадырай түштү. Анан апасы кызын төшөгүнө жаткырып, үстүн кымтылап, жүзүнөн сүйдү. Кечке ойноп чарчаган Нуризат жомоктун аягы өзү каалагандай бүткөнүнө ыраазы боло, көшүлүп уйкуга кирди. Терезеден көктөгү майтокоч-айдын жарык нуру уурдана кирип, эрке кыздын жүзүнө төгүлүп, ага бейпил түн каалап жатты.



# Уйкучу куурчак

Ошентип, бүгүн Мээрим куурчагын көтөрүп алып, курбу кыздары менен кечке дейре ойноду. Анын куурчагына кыздардын баары сукташышты. Ал ансайын кудуңдап, жетине албай сүйүндү. Улам-улам куурчагын кош колдоп өйдө көтөрөт, кайра көкүрөгүнө кысат. Ушунчалык жакшы көргөнүнөн кичинекей ого ичи элжиреп, өзүн коёрго жай таппайт.

Оюндун кызыгына баткан Мээрим апасы чакырганда кыйылып жатып араң келди. Кечки тамакты ичкен соң, апасы:

– Кызым, эми уктап эс ал. Өзүң да, куурчагың да чарчадыңар. Оюндун калганын эртең улантасыңар, – деди.

Мээрим макул болгонун билдирип, башын ийкеди. Апасы даярдап койгон төшөккө алгач куурчагын жаткырды, анан өзү анын жанына жатты. Жуурканын жамынып жатып караса, куурчагы «уктап» калыптыр. Куурчагын аяй карап, «байкушум, абдан чарчаган тура» деди ичинен. Анан апасын туурап, куурчагынын жүзүнөн сүйүп, чачынан жыттап алып, кучактаган бойдон өзү да таттуу уйкуга кетти.

Ошол боюнча эртең менен гана ойгонду Мээрим. Ойгонор замат, эң алгач куурчагын карады. Ал эч нерседен бейкапар уктап жатыптыр. Ойготуп албайын деп ордунан акырын турду да, сыртка чыкты. Бети-колун жуунуп, бир топтон кийин кайра келди.

Куурчагы дале уктап жатыптыр. «Эми качан ойгонот?» – деп чыдамы кетип күтүп отурду. Акырын түртүп көрдү. Былк этпейт. Мээрим куурчагынын кирпиктерин өйдө кылып, көпкөк көзүн көрдү да: «Ойгончу эми, уйкучу кыз турбайсыңбы. Жүрү, ойнойбуз», – деди. Колун алды эле, куурчагы кайра көзүн жумуп алды. Ушинтип бир нече ирет ойготууга аракет кылып убараланды. Чарчады акыры. Ичинен «уйкучу» куурчагына таарынды да, досторуна өзү жалгыз ойноого кетти.

# Жашынмак

Талгат, Айтбек, Аскар, Элдос, Исхак, Зарыл – алтоо жашынмак ойномой болушту.

Алгач ырсанак айтышты, бирим-эким,

Жер оодарып эгин эктим, үчүм, төртүм,

Кампа толо түшүм төктүм, бешим, алтым

Ак эмгектен бакыт таптым. Санак жетти, мына-жети.

Иштеп көнгүн, өсүп өнгүн.

Оюндун шарты боюнча, балдар тегеренип турушуп, кыдырата ырсанакты айтышты. Акыркы сөз кимге туш келсе, ошол бала көзүн бекитет эмеспи. Мына, акыркы «өнгүн» деген сөз Талгатка туш келди. Талгат үйдүн дубалына эки колун бириктире коюп, көзүн жашырды да, жүзгө чейин үн чыгара жаңылбай санады. Аягында «жетишкениң жашындың, жетишпегениң табылдың» деп көзүн ачты. Айлана тыптынч. Балдар жашынган ордуларында былк этпей отурушат. Талгат ар жак, бер жакты карады, эч кимден дайын жок. Айланага кулак түрө элеңдей бир ордунда көпкө турду. Ары-бери чуркап издегенден адатынча эринди. Анан бир айла тапты. Турган ордунан:

– Тигине, Зарыл. Мен сени көрдүм, чыга бер бери, – деп кыйкырды кууланып. Зарыл Таланттын кыйкырганын укту, анан таң калды, «мени кайдан көрдү?» деп. Зарыл короонун четинде тоодой үйүлгөн отундардын артына жашынган болчу. Аны ошол тарапка өткөн адам гана көрүп койбосо, башка эч ким байкамак эмес.

– Зарыл, бери чыкпайсыңбы эми? Мен сени жана эле көрүп койбодумбу! – Талгат үнүн баягыдан бийигирээк чыгарды.

Зарыл эмне кыларын билбей бир пас турду да, анан жооп кайтарды:

– Ай, Талгат, мен каердемин? Турган ордумду айтпасаң чыкпаймын!

Кууланган Талгат үн чыккан жакты шак эле байкап, Зарылдын турган ордун айта койду.

Зарыл «эч ким мени оңой менен таба албайт» деген ишенимдүү оюнан кайтып, мурчуя чыгып келди.

Балдар, жашынмакта ким оюндун шартын бузду? Зарыл бул учурда эмне кылыш керек эле?

# МАЗМУНУ


Тили ширин кыз ....................................3

Ээрчиген ай ....................................4

Мейлибай ....................................6

Экөө тең жакшы ....................................7

Мээнеткеч кумурска ....................................8

Мээрим ....................................10

Ай кызынын мончогу ....................................12

Кошуна кыздар ....................................14

Жакшы тилек ....................................15

Көктөгү токоч-ай ....................................17

Уйкучу куурчак ....................................21

Жашынмак ....................................22



## Абдухамидова Батма

Абдухамидова Батма – 1973-жылы 25-ноябрда Баткен облусунун Лейлек районундагы Арка айылында туулган. Ошол эле айылдагы "Ак тилек" орто мектебин күмүш медаль менен аяктаган.

1990-95-ж. И.Арабаев ат. КМПУнун филология факультетин бүтүргөн. 2003-ж. №3 гимназияда иштеп жүрүп, Республикалык «Жыл мугалими–2003» сынагынын, 2004–ж. Эл аралык Айтматов фондунун «Дебют–2004» конкурсунун жеңүүчүсү болуп, "Бейиштин мөмөсү" новелласы кыргыз, орус, англис тилдеринде "Алманын мөмөлөрү" альманахына чыккан.

2007-жылы балдар үчүн жазган чыгармалары менен Эл аралык «Библиобраз–2007» фестивалынын лауреаты болгон жана "Эне жыты" новелласы немец, армян тилдеринде жарык көргөн.

Кыргыз Билим берүүсүнүн отличниги төш белгиси, Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы, Эл аралык «Түгөлбай ата» коомунун «Көк асаба» ардак дипломy менен сыйланган. Балдар үчүн "Эне жыты", "Күндүн уясы" аттуу китепчелери чыккан. 2008-жылы педагогикалык илимдери боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон.

Учурда Кыргыз билим берүү академиясында ага илимий кызматкер катары илимий ишин аткарып келатат.



**Абдухамидова Батма**
**Ай кызынын мончогу**
Аңгемелер жыйнагы

Сүрөтчүсү З. Мидинова
Редактору А. Кабылова
Сүрөт редактору Б. Жайчибеков
Компьютердик калыптоочу А. Анохин
Корректору Г. Сагынбекова

Нускасы 1000 90 с
**ЖЧК "Кутаалам"**

90e